**2.11.** Мектепте балдардын психикалык жана физиологиялык деңгээлинин окууга толук даяр эместигин жоюу максатында алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) сураныччтарын эске алып, уюштуруучунун макулдугу менен Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде компенсациялуу окутуу класстары ачылышы мүмкүн.
**2.12.** Мектепте уюштуруучусунун макулдугу боюнча Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде акыл-эсинде жана дене түзүлүшүндө кынтыгы бар окуучулар үчүн атайын (коррекциялоочу) класстары ачылышы мүмкүн.
Окуучуларды атайын (коррекциялоочу) класстарга которуу (жиберүү) алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу менен психологиялык-медициналык-педагогикалык консультациянын корутундусу боюнча билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы тарабынан Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык жүргүзөт.

## III. Билим берүү процесси

**3.1.** Мектептин билим берүү процесси жалпы орто билим берүү программаларынын деңгээлине ылайык мектептик билим берүүнүн үч баскычында жүргүзүлөт.

- Жалпы башталгыч билим берүү ( окутуунун ченемдик мөөнөтү -4 жыл)
- Жалпы негизги билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү-5 жыл)
- Жалпы орто билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү-2 жыл).

**3.2**. Мектепке 5-6 жаштан даярдоо классына, 6-7 жашка толгон балдар башталгыч класска кабыл алынат, ар бир класста окутуунун узактыгы бир окуу жылынан кем эмес.
- Окуу жылы башталганга чейин электрондук каттоодон өткөн, 6-7 жашка толгон балдар башталгыч класска кабыл алынат. Мектепте балдарды 1-класска кабыл алуу "Электрондук каттоо" автоматташтырылган маалымат системасы аркылуу "Электрондук каттоо" жөнүндө жобого ылайык жүргүзүлөт.
*(Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 19-январындагы №44/1 буйругуна ылайык)*
- Мектепте орун жок болгон гана учурда бала кабыл алынбайт.
- Мектепке окуучуну кабыл алуу мектеп директорунун буйругу менен ишке ашырылат.

**3.3.** Башталгыч жалпы билим берүүнүн милдеттери болуп окуучулардын окутуу тарбиялоо жана өнүктүрүү, алардын окуудагы, жазуудагы жана сыноодогу жалпы билүүлөрү менен жөндөмдөрү, логикалык ой-жүгүртүү элементтерин жана таанып билүү ишин, өз алдынча билим алуунун жана өзүн-өзү уюштуруунун жөнөкөй ыкмаларын, жүрүм-турумун жана сүйлөөнүн маданиятын өздүк тазалыгынын негиздерин жана жашоонун сергек адаттарын өздөштүрүү эсептелет.

Жалпы башталгыч билим берүү негизги жалпы билим алуу үчүн база болуп саналат.

**3.4.** Жалпы негизги билим берүүнүн милдеттери болуп окуучуларды инсан катары тарбиялоо, түзүү жана калыптандыруу үчүн социалдык жактан өзүн-өзү аныктоого, өз алдынча иш-тажрыйбасын өздөштүрүүгө жана өзүн-өзү көзөмөлдөөгө багытталган шыктарын жана компетенцияларын өнүктүрүү эсептелет.

Жалпы негизги билим берүү жалпы орто билим, башталгыч жана орто кесиптик билим алуу үчүн база болуп саналат.

**3.5.** Жалпы орто билим берүү жалпы билим берүүнүн аяктоочу этабы болуп, окуучулардын туруктуу компетенцияларын жана чыгармачылык шыктарын өнүктүрөт, ошондой эле дифференцияланган окутуунун жана кесипти же эмгектенүүнү аң-сезимдүү